**Керимбаева Тынара Эркинбековнанын 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" темасындагы диссертациялык ишине расмий оппоненттин**

## ПИКИРИ

Керимбаева Тынара Эркинбековнанын "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)" аталышындагы диссертациялык иши боюнча төмөндөгүдөй корутунду чыгарылды:

**1. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу**

Автор тарабынын тандалып алынган диссертациалык изилдөөнүн темасы абдан актуалдуу.

Инвестициялардын теориялык жана практикалык аспектилерин изилдөө экономикалык илимдин негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп келген. Мындай кылдат көңүл буруу, инвестициянын жана инвестициялык процесстердин экономикалык өсүшкө жана бүтүндөй аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизип жаткандыгы менен шартталган.

Азыркы шартта экономиканын реалдуу сектору өлкөнүн жана аймактардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү ролду ойнойт. Айыл чарбасы калкты азык-түлүк, ал эми өнөр жайды чийки заттар менен камсыз кылган жана экспорттогон реалдуу сектордун маанилүү тармактарынын бири болуп эсептелет. Өлкөнүн калкынын жашоо деңгээлине айыл чарбасынын канчалык өнүккөнү өзгөчө мааниге ээ.

Тилекке каршы, экономиканын агрардык секторундагы реформалар күтүлгөн натыйжаларды бербей жатат, орун алган көптөгөн көйгөйлөр

Вх. № 315 09 05 16

чечилбестен, кайрадан жаңылары пайда болууда. Айыл чарба тармагында инвестициялардын кыскарышынын себеби: айыл чарба рентабилдүүлүгүнүн, инвестициялык жагымдуулугунун, техникалык жактан жабдылышынын төмөндүгү, тармактык жана региондук шарттардан келип чыккан тобокелдиктерге байланыштуу. Бүгүнкү күндө республиканын айыл чарбасынын үлүшү республиканын негизги капиталына инвестициялардын жалпы көлөмүндө 2,2%ды гана түзөт.

Мындай шарттарда инвестицияларды тартуу айыл чарбасын туруктуу өнүктүрүүнүн маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Чектелген инвестициялык ресурстар жана аларга болгон муктаждыктын өсүшү, инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу инвестициялык климатты түзүүнү, инвесторлор үчүн тобокелдиктин алгылыктуу деңгээлин камсыз кылуу жана алардын кызыкчылыктарын коргоону талап кылат.

Ааламдашуу, интеграциялык процесстердин тереңдеши, өзгөрүлүп жаткан экономикалык шарттар жана санариптик трансформациянын азыркы шартында бул маселелерди изилдөөнүн зарылчылыгы күч алууда.

Ош облусунун географиялык жайгашуусу, уникалдуу жаратылыш-климаттык шарттары, айыл чарба өндүрүшүнүн калыптанган көндүмдөрү, олуттуу эмгек ресурстары жана айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөсү айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн инвестициялык артыкчылыктарды аныктайт.

Ушуга байланыштуу аймактын айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугунун деңгээлин баалоо, айыл чарбасынын төмөн инвестициялык жагымдуулугунун себептерин жана факторлорун аныктоо Ош облусунун айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуунун артыкчылыктуу багыттарын негиздөө боюнча илимий-практикалык изилдөөлөр өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана натыйжалары.**

Изилдөөнүн максаты - Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатууга багытталган теориялык негиздерди жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Алынган натыйжалардын илимий жаңылыктары төмөнкүлөр:

- азыркы экономикалык теорияда дагы эле реалдуу сектордун чектерине бирдиктүү пикир жок экенин эске алып, айыл чарбасынын ролу негизделди. Тармактын инвестициялык жагымдуулугунун маңызы жана мазмуну тереңдетилди;

- айыл чарбасынын инвестициялык жагымдуулугуна таасир эткен ички жана сырткы факторлор аныкталып, жагымдуу шарттарды түзүү боюнча сунуштар иштелип чыкты;

- реалдуу секторго инвестицияларды тартуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбалар изилденип Кыргызстандын айыл чарбасында алгылыктуу жактарын пайдалануу негизделди;

- Ош облусунун айыл чарбасындагы инвестициялык жагымдуулугунун абалы, өнүгүү тенденциясы жана багыттары талданып, аны өркүндөтүү жолдору белгиленди;

- аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты;

- экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун 2025-2030-жылдарга айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү программасы иштелип чыгып, практикага киргизүү жолдору аныкталды.

Иштин изилдөөнүн жүрүшүнөн келип чыккан, практикалык жактан алынган натыйжалары, далилдүү сунуштары жана корутундулары Ош облусундагы айыл чарбасынын инновациялык мумкунчулуктөрүн, инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу стратегиясын иштеп чыгууда негиз болуп, бул аймактын социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө жардам бере алат.

**3. Илимий натыйжалардын негиздүүлүн жана ишенимдүүлүгүнүн даражасы.**

Диссертациянын мазмуну, жүргүзүлүп жаткан изилдөөнүн логикасы өз ара байланышта жана биримдикке ээ, алынган натыйжалар диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет. Илимий жоболору, корутундулары жана рекомендациялары экономика илиминин жана дүйнөлүк практиканын заманбап жетишкендиктерине, статистикалык маалыматтарга, булактардын кеңири спектрин пайдаланууда негизделген.

Изилдөөдө колдонулган байкоо, системалаштыруу жана салыштыруу, жалпылоо, анализдөө, моделдөө, статистикалык жана математикалык методдор негизделген жыйынтыктарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди .

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 18-апрелиндеги акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2024-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Теориялык-практикалык изилдөөлөр, иштелип чыккан тыянактар жана ошондой эле диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында “Айыл чарбасынын экономикасы”, “Инвестициялар жана инновациялар”, “Тармактардын экономикасы” ж.б. предметтерди окутууда жана окуу-методикалык басылмаларды даярдоодо пайдаланууга болот. Ошондой эле диссертациялык эмгекте берилген тажрыйбалык сунуштарды Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан айыл чарбасын инвестициялык өнүктүрүү боюнча тиешелүү документтерди жана программаларды иштеп чыгууда колдонууга болот.

**5. Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертацияда алынган илимий натыйжалар жана алардын негизинде иштелип чыккан теориялык жана практикалык сунуштар диссертациялык изилдөөнүн экономикалык маанисин толуктап, Ош облусунун айыл

чарбасынын өнүгүүсүн камсыз кылып, анын натыйжалуулугун жана инвестициялык өнүгүүсүн арттырат.

**6. Диссертацияны талкуулоонун жүрүшүнөн келип чыккан кемчиликтер.** Изилдөөнүн теориялык иштеп чыгууларын жана практикалык сунуштарын жалпысынан колдоо менен диссертацияда айрым кемчиликтер бар экенин белгилейбиз:

1) диссертациялык иштин 1-бапы "Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугунун теориялык методологиялык негиздери", деп аталат, бирок, иште методологиялык жана методикалык аспектилерге (деңгээлдерге, балоого, көрсөткүчтөргө) жетиштүү көңүл бурулбаган жана так көрсөткүчтөр жок;

2) иштин илимий жаңылыгында баардык пунктар жаңылыкты ачып бербейт, айрым пунктар тезис катары гана берилген: мисалы п.5 "аймактын айыл чарбасында инвестициялык жагымдуулукту арттырууда мамлекеттик колдоо боюнча сунуштар иштелип чыкты" деп кана аталат;

3) 135-и беттеги Ош облусунун айыл чарбасында аймактык кластердик саясаттын модели боюнча сунуштарын конкреттештирүү жана эсептөөлөр менен негиздөө максатка ылайыктуу болмок;

4) биздин оюбузча, инвестициялык жагымдуулуктун деңгээлин жана инвестициялык жагымдуулукту ишке ашыруунун даражасын аныктоо жана ошонун негизинде аймактын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуу пайдалуу болмок;

5) иште жана авторефератта редакциялык каталар орун алган.

Белгилеп кетчү нерсе жогоруда белгиленген сын-пикирлер диссертацияялык иштин актуалдуу темада аткарылгандыгын, алынган илимий жаңылыгын жана практикалык маанисине анчалык таасирин тийгизе албайт.

**7. Диссертациянын мазмунуна авторефераттын ылайык келиши.**

Автореферат диссертациянын негизги мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толук шайкеш келет. Автореферат жана басылмалар диссертациянын негизги мазмунун толук чагылдырат.

“Экономиканын реалдуу секторунун инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасынын мисалында)” темасындагы диссертациялык иш – илимий жактан негизделген, теориялык жана практикалык мааниге ээ, толук бүткөн илимий изилдөө болуп эсептелет. Бул иш Кыргыз Республикасынын Президентинин карамагындагы Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына толук жооп берет. Илимий даражага талапкер Керимбаева Т. Э. 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Расмий оппонент, э.и.д.,**
**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз**
**экономикалык илимий изилдөө университетинин**
**«Туризм, меймандостук жана экология»**
**кафедрасынын профессору** Чубурова Ж.Т.

КАНЦЕЛЯРИЯ
ИНН 01405199810080

"М. Рыскулбеков атындагы КЭ ИИУ"
Колду тастыктайм
ИНН 01405199810080